# “Музыка”

Сөзү, обону: Байэл

Музыка бул - жан дүйнөнүн азыгы,

Музыка бул - сезимдердин ачкычы.

Музыка бар аруулук бар,сүйүү бар,

Алыкулдун саптарында жазылган.

Музыка жан дүйнөбүз музыка.

Берчи мага жарым кашык музыка.

Музыка жашай берсин музыка,

Жан эргитип, сүйүү берип дайыма (музыка).

2-куплет:

Ак булуттар Асанкалый ырдаган,

Издейм сени Рыспайдын ырларынан.

Симфония, до,ре,ми,фа,соль,ля,си,

Музыка сен жүрөктөрдүн нотасы.

3-куплет:

Ала-Тоонун абасындай таптаза,

Комуз күүсү жашай берсин кылымга.

Канатыбыз талбастан биз учалы,

Биз ырдайлы обон созуп сахнада.